Молдова Республикасына болгон иш сапар жонундо баяндама

Мен Бегилерова Мейил 2019-жыллдын 30-июнунан тартып 6-июлга чейин Сорос-Кыргызстан Фондунун жеке чакыруусу менен Молдова Республикасына барып, Сорос-Молдова уюму уюштурган регионалдык курска катышып келдим. Окуу курсунда уюштуруучулардан сырткары 23 катышуучу жана эки тренер болду.

Аларды атай кетсем:

“Namati” деп аталган укук мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү Глобалдык сетинин улук кеңешчиси Марлон Дж. Мануэл жана аталган сеттин жетекчилеринин бири Майкл Отто болду.

Иш чарада негизги маселе болуп Филиппинде учурда практикаланып жаткан параюрист кызматы тааныштырылды.

Ооба, дал ушундай аталыштагы юридикалык кызмат Филиппинде мыйзам түрүндө иштери бизге белгилүү болду. Аталган кызмат 2007-жылдан тарта Молдовада да өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет жана Мамлекет кепилденген юридикалык мыйзамына ылайык параюристтер каржыланат.

Параюрист бул — тигил же бул тармакта, өзү же башка адамдар тарабынан кандайдыр бир укуктук басымга кабылып келген адамдар. Учурда алар ал илдетинен арылып, кадимки жай турмушка аралашып жана ушул тармакта жапа чеккен башка жарандарга сотко чейинки юридикалык жардам көргөзө алат. Мисалга алсак, мурда баңги затын колдонуудан жапа чегип, кийин бул адатын таштап кадимки жашоого кайткан адам, өзү сыяктуу жапа чеккендерге сотко чейинки жардам боюунча көмөк көрсөтө алат. Болбосо мурдагы интим кызматкерлери бул жаатта укугу тебеленген жарандарга сотко чейинки юридикалык жардамын берет. Таагырак айтканда билими боюунча юрист эмес, бирок атайын параюристтерди дайындаган курста окууп, андан сон оз чойросундогу укуктук жактан жапа чекен адамдарга сотко чейинки юридикалык жардамдарды беришет.

Аталган окуу курсунун алкагында НАМАТИ – укуктук мүмкүнчүлүктөрдү жайылтуу багытында иш алып барган Глобалдык сетинин багыттарына жараша, укук талаасын демократиянын негизинде кеңейтүү, мыйзамды билүү аны колдоно билүү, укуктук мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү кыймылын социалдаштыруу, Филиппинде иш алпарып жаткан параюристтердин ишмердүүлүгүнүн практикасы сыяктуу маселелер көтөрүлүп, лекциялар окулуп, талкуулар жүрдү.

Иш-чаранын жыйынтыгында уюштуруучу тарап Сорос-Молдова НАМАТИ тарабынан сертификат ыйгарылды.

Албетте, Кыргызстан демократиянын чегинде адам укуктарын коргоо жана аны бийик тутууга умтулган өлкө. Ошону менен катар эле өзүнүнү улуттук баалуулуктары бар.

Кыргыз Республикасынын Мамлект кепилденген юридикалык жардамдарды беруучу жана корсотуучу субъектилер:- Консультациялык-укуктук жардам томонкулор тарабынан берилет:- мамлекеттик органдардын (мыйзам чыгаруу органынын, аткаруу жана сот бийлигинин органдарынын), жергиликтуу оз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин тиешелуу кызмат адамдары берет.

Менин жеке пикиримде –укуктук мункунчулукторду жайылтуу багытында Кыргыз Республикасынын Мамлекет кепилденген юридикалык жардам жонундо 2016-жылдын 16-декабрында кабыл алынган мыйзамга озгортуу сунуштап, Консультациялык-укутук жардамды адвокаттар берсе жана ал мамлекет тарбынан Квалификациялуу юридикалык жардам корсотуудо каржылангандай, каржылоо болсо деген ойдомун. Жогоруда айтылган жүйөөлөр менен Кыргыз Республикасынын Адвокатурасынын адвокаттары адамдарга Консультациялык-укутук жардамды жана Квалификациялуу юридикалык жардамды бере алышат эле.

Жогорудагылардын негизинде Мамлекет кепилденген юридикалык жардам боюунча мыйзамга озгортуу долбоору сунуштаганда жана аны талкууга алганда активдуу катышуунуздарды суранам.